
4. Комуз таануу курсун окутуунун актуалдуулугу (статья) Материалы международного конгресса  2012. – С. 295-298.



МЕЖГОСУДАРСТВЕННЫЙ ФОНД ГУМАНИТАРНОГО СОТРУДНИЧЕСТВА
ГОСУДАРСТВ-УЧАСТНИКОВ СНГ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МЕЖДУНАРОДНАЯ КОНФЕДЕРАЦИЯ СПОРТИВНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ

КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ АКАДЕМИЯ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА

# МАТЕРИАЛЫ
# МЕЖДУНАРОДНОГО КОНГРЕССА «СПОРТ ЗА ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЕ И НРАВСТВЕННОЕ РАЗВИТИЕ ОБЩЕСТВА»

**(г. Чолпон-Ата, 7-9 сентября 2012 г.)**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
Подпись ... заверяю
Ученый секретарь ... им. И. АРАБАЕВА

**РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ:**

| | |
|---|---|
| Мамбеталиев Канат Уркашевич | *– кандидат педагогических наук, профессор, заслуженный работник физической культуры Кыргызской Республики – председатель совета* |
| Турусбеков Бейшен Турусбекович | *– доктор педагогических наук, профессор, академик международной академии наук о природе, заслуженный деятель науки Кыргызской Республики* |
| Тухватшин Рустам Романович | *– доктор медицинских наук, профессор, лауреат государственной премии Кыргызской Республики* |
| Саралаев Марат Кыдыкеевич | *– кандидат педагогических наук, доцент* |
| Син Елисей Елисеевич | *– доктор педагогических наук, профессор* |
| Касмалиева Анара Сарыгуловна | *– кандидат педагогических наук, доцент* |
| Шевченко Татьяна Николаевна | *– кандидат педагогических наук, доцент* |
| Андреев Михаил Валерьевич | *– кандидат медицинских наук, доцент* |
| Кийзбаев Мурат Сагынбаевич | *– кандидат педагогических наук, доцент* |
| Абдиева Асель Кылычбековна | *– технический редактор и корректор* |

**Тухватшин Р.Р., Цой И.О.** ВОЗМОЖНОСТИ АРОМОТЕРАПИИ В МОДИФИКАЦИИ ПОКАЗАТЕЛЕЙ ДЫХАТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЫ У ЧЕЛОВЕКА ПРИ ФИЗИЧЕСКОЙ НАГРУЗКЕ И ВЫСОКОГОРНОЙ ГИПОКСИИ ........ 265

## VI. ПРОБЛЕМЫ ПОДГОТОВКИ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КАДРОВ В СФЕРЕ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА

**Абдыбекова Н.А.** АУДИРОВАНИЕ КАК СРЕДСТВО ОБУЧЕНИЯ ИНОСТРАННОМУ ЯЗЫКУ СТУДЕНТОВ КГАФКиС (материалы для развития устной речи) ........ 269

**Абдысадыр уулу А.** ОСОБЕННОСТИ ЗАНЯТИЙ ИЗБРАННЫМ ВИДОМ СПОРТА ИЛИ СИСТЕМОЙ ФИЗИЧЕСКИХ УПРАЖНЕНИЙ В ВУЗАХ (аналитический обзор и обобщение проблемы) ........ 273

**Алексеев В.П., Атыканов А.О.** ВЛИЯНИЕ ЕСТЕСТВЕННОЙ ГИПОКСИЧЕСКОЙ ГИПОКСИИ НА СТРУКТУРНО-ФУНКЦИОНАЛЬНОЕ СОСТОЯНИЕ МЕМБРАН ЭРИТРОЦИТОВ У ЗДОРОВЫХ ДЕТЕЙ ........ 277

**Белоусова Д.М.** УЧЕБНОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО ПРЕПОДАВАТЕЛЯ И СТУДЕНТОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ ЯЗЫКУ ........ 280

**Бокоев Б.М., Каюкова Р.А., Тетенькин Б.С.** ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ РУКОВОДИТЕЛЯ В УПРАВЛЕНИИ КОЛЛЕКТИВОМ ........ 283

**Даниярова Н.Н., Молдалиева Г.Н., Нарбаева З.А., Алымкулова Ай.О., Алымкулова А.О** УЧЕБА И ЗДОРОВЬЕ СТУДЕНТОВ ........ 287

**Джунушбаева А.О., Шериппаева А.К.** ОСОБЕННОСТИ ВОСПИТАНИЯ ЛИЧНОСТИ СТУДЕНТОВ В ПРОЦЕССЕ ФИЗКУЛЬТУРНОГО ОБРАЗОВАНИЯ ........ 290

**Джунушбаева А.О.** ХАРАКТЕРНЫЕ ТЕНДЕНЦИИ В ИССЛЕДОВАНИЯХ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКИ УЧИТЕЛЯ ........ 292

**Жакыпов К. И.** КОМУЗ ТААНУУ КУРСУН ОКУТУУНУН АКТУАЛДУУЛУГУ ........ 295

**Исакова Ж.Д.** МНОГОУРОВНЕВАЯ ПОДГОТОВКА В СИСТЕМЕ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ КАК ТРЕБОВАНИЕ ГЛОБАЛЬНОЙ ЭКОНОМИКИ И ЕЕ НОРМАТИВНО-ПРАВОВОЕ ОБЕСПЕЧЕНИЕ .. 298

**Каюкова Р.А., Тетенькин Б.С.** РАЗВИТИЕ ВНЕШНЕЙ РЕЧИ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ ФИЗКУЛЬТУРЫ И СПОРТА КАК ФАКТОР СТИМУЛИРОВАНИЯ ИХ ПРОФНАПРАВЛЕННОСТИ ........ 301

**Мартышева Е.В.** КАДРОВАЯ ПОЛИТИКА В СПОРТЕ ........ 304

**Сейсенбеков Е.К., Абдикаримова Г.А., Сейсенбек А.Е., Жандауова Э.Д., Ибраева Л.Б.** ФИЗИЧЕСКАЯ ПОДГОТОВЛЕННОСТЬ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ ПОСРЕДСТВОМ ЗАНЯТИЙ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРОЙ И СПОРТОМ ........ 307

**Сулайманов С. К.** СТУДЕНТТЕРДИН ДЕНЕ ТАРБИЯСЫНА КОМПЕТЕНТТҮҮ МАМИЛЕНИ ИШКЕ АШЫРУУНУН ДИДАКТИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ ........ 310

---

**Материалы Международного конгресса «Спорт за интеллектуальное и нравственное развитие общества»**

Подписано к печати 30.08.2012
Формат 60х84 1/8. Печать офсетная.
Объем 39,5 п. л. Тираж 260 экз.

Отпечатано в типографии «Нур-Ас»

**Использованная литература:**

1. Абдулина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования. – М.: Просвещение, 1984. – 208 с.
2. Абульханова-Славская К.А. Теоретический подход к личности профессионала // Психологические проблемы формирования личности профессионала: Сб.науч.тр.- М., 1991.- С.9-66.
3. Абдулина О.А. Педагогическая практика студентов. – М.: Педагогика, 1986. – 126с.
4. Сластенин В.А. – Методологическая культура учителя.- М.: 2000.- С. 385 – 397.
5. Сластенин В.А. Формирование личности учителя в процессе егопрофессиональной подготовки. – М.: МГПИ, 1985. – 164 с.
6. Щербаков А.И.Психолого-педагогическая подготовка учителя-воспитателя и пути её оптимизации в высшей школе // Проблемы совершенствования системы психолого-педагогической подготовки учителя. Сб.науч.трудов // Под ред.Щербакова А.И. – ЛГПИ им А.И.Герцена,1980. С – 17-46.


# КОМУЗ ТААНУУ КУРСУН ОКУТУУНУН АКТУАЛДУУЛУГУ


**ЖАКЫПОВ К. И., *доценттин милдетин аткаруучу,***
***Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Бишкек ш.***


Кыргыз эли тарыхта тамыры терең кеткен, танапташ жашаган элдердин ичинен эң байыркыларынын бири. «Орто-Азияда жашаган элдердин ичинен кыргыздардай тарыхта аты эрте аталган эл жок», - деп белгилүү орус тарыхчысы, чыгыш таануучу академик В. В. Бартольд тарабынан белгиленсе, «Советтер Союзунун курамына кирген элдердин ичинен кыргыздар түрк тилдүү элдердин ичинен эң байыркыларынан болуп эсептелет», - деп 1950-жылдары белгилүү советтик археолог – чыгыш таануучу А. Н. Бернштам да баса көрсөтүп кеткен. Кыргыз элинин тарых-таржымалын изилдеген илимий эмгектер Совет доорунда белгилүү бир өлчөмдө жарыяланып турса да, негизинен кыргыз элинин этнос катары пайда болуусу жана басып өткөн жолу боюнча ушул учурга чейин фундаменталдык илимий жыйнактар толук жарала элек. Биздин бүгүнкү коомчулукка сунуштай турган маселе, кыргыз эли менен канатташ жаралып, анын жашоодогу жан жолдошуна айланган комузчулук өнөрү жана анын учурдагы көйгөйлүү маселелерин чечүүнүн айрым жолдору боюнча болмокчу.

Дүйнөдө тендеши жок, океандай Манас эпосун жараткан кыргыз элинин оозеки чыгармаларында комуз аспабынын жаралышы жана алгачкы ойнолгон музыкалык чыгарма комуз күүсү боюнча элдик уламышта бирде хан болуп айтылса, бирде көзгө атар мергенчи катары сыпатталган Камбар деген инсанга байланыштырылып айтылып келет. Ал эми комуз аспабы тууралуу жазма жана казма табылгаларда, кыргыздын салттуу музыкалык аспаптарынын ичинде аты биздин заманга чейинки I кылымдарда кездешкендиги тууралуу тарыхый маалыматтар бар. Сөзүбүзгө далил катары айрым тарыхый булактарга токтоло кетсек.

Кытайлык кыргыз тарыхчысы Анвар Байтур Ханзу тарыхый маалыматтарына таянып, мындай деп жазат: «Эне-Сай кыргыздары түрк тайпаларынын ичинде көркөм өнөргө өтө бай эл болгон. Алардын сыбызгы, зыңгырама (зың) бандуулу, доолбас, шыңгыроо деген элдик музыкалары болгон жана коомдук турмушунда өтө чоң маңызга ээ комуз өнөрү саналган. Бул музыканы эр-аял, кыз-жигит жана кары-жаш дебей күүгө келтиришкен. Ошондуктан комуз адегенде «коом-ооз», «кооз-ооз» деп аталган.»

Жаңы эрага чейинки 33-жылы Тан империясынын падышасы Хань Юалдий ордо кезенектеринин бири болгон Ваң Хавчүн деген кызды уннулардын Теңири кутуна (падышасына) узаткан. Бир нече жылдан кийин Ваң Хавчүн Халт империясынын борбору Чоң-Аит шаарына кайтканда бир музыка (лык аспап) ала келген. Конок болуп дасторкондо олтурган бир аалым Ваң Хавчүндөн: Бул музыканын (аспаптын) аты эмне? – деп сураган. Ваң Хавчүн: бул музыка кобус деген болот деп жооп берген.

VIII-IX кылымдардагы “Китаби Деде Коркут” аттуу элдик эпосто: “кобуз”, “зурна”, “керенай”, “балабан”, “добул”, “доху” деген аталыштагы музыкалык аспаптар тууралуу айтылат. Ал эми б.з.ч. XII-XIII кылымдарга таандык Пишпек жана Токмоктон табылган эстеликтердеги Сиро-Түрк жазмаларында “Пу кобра Менгу таштай комузчинин турур йот полсун!” деген жазууну кезиктиребиз. Кыргызчага которгондо: Бул кабыр (мүрзө) Мөңгү таштай комузчунун жаткан жайына эстелик болсун!” дегенди түшүндүрөт.

Мына ушундай тарыхый маалыматтар кыргыздын салттуу музыкалык аспаптарынын көч башында турган комуз аспабынын эзелтеден эле эли менен эриш-аркак жашап келе жаткандыгын билдирет.

Кыргыз элине тарых тартуулаган эгемендүүлүк күнгө чейин комуз аспабы жана комузчулук өнөрдүн абалы боюнча токтоло турган болсок, Совет доору деп аталган 70 жылдан ашуун мезгил аралыгында комуз жана комузчулук өнөр алга карай олуттуу кадам жасады десек жаңылышпайбыз. Атап айтсак: комуз аспабы заманбап техникалык кара-

жаттардын жардамы менен модернизацияланды, комуз күүлөрүнүн басымдуу бөлүгү үн жазуучу аппараттар аркылуу жазылып алынды. Күүлөр оозеки түрүнөн жазуу түрүнө өттү, башкача айтканда нотага түшүрүлө баштады. Комузчулук өнөр тууралуу илимий изденүүчүлөр маалыматтар топтомун түзө башташты. Комуз музыкасы канатташ аспаптык музыкалар менен катар эле дүйнөлүк аренага чыгып, чет өлкөлөрдүн чоң-чоң сахналарында аткарылуусу менен күүлер оркестрге салынып, жаңы жашоо ыргагына ээ болду. Эл арасындагы комузчулар атайын музыкалык билимдерге ээ болуп, алардын чыгармачылыгы жалпы журтчулугубузга даңазаланды.

Коом өнүгүп, бир системадан экинчи бир саясий-экономикалык системага өтүүсү менен анын ичиндеги жашоо ыргагы өзгөрүлүп, идеологиялык кызыкчылыктардын негизинде руханий баалуулуктардын да орду ар кандай даражада алмашууга туура келерин турмуш көргөзүүдө.

Кыргыз мамлекети эгемендүүлүккө жеткен акыркы жыйырма жылда руханий дүйнөбүздөгү оомалуу-төкмөлүү көрүнүштөр мунун айкын далили десек жаңылышпайбыз. Учурда 70 жылдан ашуун мамлекеттик идеология катары бекем сакталып, коомдун ар бир мүчөсү ал идея үчүн жанын берүүгө даяр болуп келген “коммунизмди куруу “ идеясы Союздун тарашы менен урап түшүп, СНГ мамлекеттеринин жарандары кандайдыр бир мезгил аралыгында вакуумда калгандай руханий туңгуюкка кабылышты. Ар бир республика жан-дүйнө жакырчылыгынан чыгуунун жолуна өз алдынча изденүүгө өтүштү. Бул учурда эгемендүүлүктүн эйфориясына кабылган айрым атуулдарыбыз аз убакыттын ичинде саясий-экономикалык жактан өнүккөн, эркин мамлекет катары, ааламдаштыруунун агымына кошулуп кетерибизге бекем ишенишкен эле. Бирок коомдун өнүгүшү рыноктук экономика менен коммунисттик духта тарбияланган атуулдардын жан дүйнө кагылышына алып келди. Өлкөдөгү эртеңки күндүн белгисиздиги жарандарыбыздын бүгүнкү кара курсактын камы менен жашап калуусуна, ишенимдердин, ыйыктыктардын ыдырашына алып келди. Мына ошонун натыйжасында өлкөбүздөгү саясий-экономикалык кырдаал өзүм билемдик оорусуна кабылган эки президенттин качып чыгуусуна алып келди.

Эзелтеден эркиндикти сүйгөн элибиз эгемендүүлүк менен кошо Орто-Азия мамлекеттеринин ичинде алгачкылардан болуп парламенттик башкаруу системасын орнотту. Мына ушундай шартта журтчулугубуз улуттук идеология катары Манас дүйнөсүнө кайрылууга жетишти. Кыргыз рухунун туу чокусу аталган манас эпосунан биздин учурдун көйгөйлүү маселелери болгон улуттук каада-салт, тарых, маданият, улуттар аралык мамиле, үй-бүлө, тууганчылык, улуттар арасында ынтымак, досчулук ж.б. ар тараптуу руханий суроолорго жооп издөө менен, анда камтылган асыл нарктарды учур талабына шайкеш иштеп чыгып, келечекке кепилдик берүүчү изги жол табууга коомчулук, интеллигенция олуттуу чараларды көрүүдө. Акыркы эки жыл аралыгында эпостун өзүн сактап калуу жана өнүктүрүү боюнча мамлкеттик деңгээлде документтер кабыл алынды. Манас эпосунун духунда жаштарды тарбиялоо боюнча атайын иш чаралар белгиленип, КР Билим берүү жана илим министрлигине өзгөчө тапшырмалар берилди. Бул багытта орто жана жогоркуу окуу жайларында, мектепке чейинки мекемелерде Манас таануу боюнча атайын программалар кабыл алынууда.

Бул иш чараны кызуу колдоо менен биз бүгүн кыргыз руханий дүйнөсүндө манас эпосу менен эле катар комуз дүйнөсүнө кайрадан кайрылып, анын маани-маңызын жаш муундарга жеткирүү учуру небак бышып жетилгендигин актуалдуу маселе катары көтөрүп чыккыбыз келди.

Биз макаланын башында тарыхый маалыматтарга кайрылгандай кыргыз комузу эли менен кошо нечендеген оомал-төкмөлүү замандарды өтүп келди. Комуз күүлөрүнүн ар бир кайрыгы кылым карыткан кыргыз элинин музыкалык бейнеси, музыкалык эс тутуму. Камбаркандан башат алып, Манас эпосуна байланыштуу окуялар менен уланып, биздин заманга чейин жеткен күүлөр - кыргыз тарыхынын музыка түрүндө бизге жеткен жаңырыгы. Кыргыз комуз күүлөрүнүн 90% дан ашууну программалуу келет. Жөнөкөй тил менен айтканда анын ар бири кандайдыр бир окуяга байланыштуу жаралып, тарых-таржымалы бар деген түшүнүктү берет. Атап айтсак: “Камбаркан”, “Кет Бука”, “Атиллахан”, манас эпосуна байланыштуу: “Чоң казат”, “Алмамбет менен Чубактын жол талашы”, “Каныкейдин арманы”,“Семетей күү”, ж.б. кенже эпосторго байланыштуу чыккан: “Жаныш-Байыш”, “Курманбек”, “Мендирман” “Бекарстан Ташы”, “Солтон-Сары” ж.б. күүлөрдүн ар биринде элибиздин эзелки тарыхы камтылып, эгемендүү күндө чечмеленүүсүн күтүп жаткандай.

Мамлекетибиздин эртеңки келечеги тууралуу кам көрүлүп, улуттук жөрөлгөлөргө учкай мамиле кылуудан арыла баштаган учурда комузчулук өнөрдүн да коомубуздагы тиешелүү ордун табуусуна ар бир кыргыз жеке милдети катары кам көрүүсү учур талабы. Бешик ырын, комуз күүлөрүн укпай чоңойгон жаш муундар, бүгүнкү батыш маданиятынын таштандыларынын арасында “атың кыргыз, затың башка” деген ыр саптарындагы калыпка түшүп калбайт деп ким кепил боло алат. Ошого байланыштуу биз жалпы журтчулугубузга азырынча гуманитардык жана педагогикалык багыттагы орто жана жогорку окуу жайларына тандоо курсу боюнча окуулуучу 36 саатка эсептелген “Комуз таануу” курсун киргизүүнү сунуштайбыз. Курс атайын жогорку кесиптик даярдыгы бар комузчу-педагогдор тарабынан бир семестрге окулуусу пландаштырылды.

Программа байыркы кыргыз эли, маданияты, оозеки чыгармачылыгы тууралуу маалыматтарды камтыган киришүү менен башталып, төмөндөгүдөй төрт бөлүмдөн турат:

1. Комуз аспабы, анын жаралышы тууралуу оозеки жана жазма түрүндө бизге жеткен тарыхый маалыматтар, уламыштар, болмуштар:

- аспаптын өзгөчөлүгү, жаралышы, толгоосу, томдоору, чертүү ыкмалары, аспаптын сапаттык деңгээлин жогорулатуу боюнча аткарылып жаткан аракеттер.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

2. Комуз күүлөрү, анын жанрдык өзгөчөлүктөрү, аткаруу ыкмалары ж.б.
3. Комузчулук өнөрдүн өсүп-өнүгүүсү, бизге белгилүү залкар комузчулар жана алардын чыгармачылык жолу.
4. Дүйнөлүк музыкалык маданиятта комуз күүлөрүнүн ээлеген орду, жетишилген ийгиликтер жана айрым маселелер. Күүлөрдүн оркестрге салынышы, Ааламдаштыруу шартында комуз күүлөрүнүн жаш муундарды тарбиялоодогу орду ж.б.

Курс лекция-концерт катары өткөрүлөт. Лекция учурунда илимий маалыматтар менен катары екөм адабият, комуз аспабы, ноутбук, диапроектор, экран, DVD, CD дисктер пайдаланылат.

Викторина менен коштолгон зачеттук сынак аркылуу курс жыйынтыкталат.

КУРСТУН МАКСАТЫ:

1. Кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон комуз аспабы, ал тууралуу тарыхый маалыматтар, комуз күүлөрүнүн нарк-насили, жаш муундардын эстетикалык табитин өстүрүүдө комуз күүлөрүнүн тийгизген таасири боюнча жалпы жаштарга маалымат берүү.
2. Объективдүү жана субъективдүү себептер менен дареги кеңири таралбай, унутулуп бара жаткан комузчуларды жана комуз күүлөрүн даңазалап, элге жайылтуу.
3. Залкар комузчулар, алардын кайталангыс өнөрлөрү, комуз күүлөрүнүн жанрларга бөлүнүшү,аларды аткаруу өзгөчөлүктөрү боюнча жаштарга кеңири мааалымат берүү менен алардын комузга ошону менен бирге эле улуттук музыкага болгон кызыгуусун арттыруу.
4. Келечекте комузчулук өнөрдү талдап түшүнгөн, илимий багыттагы иштерди алып кете ала турган жаштардын муунун тарбиялоо.

Аталган курсту окутууда педагог-комузчу лекция учурунда колдонмо каражаттарды көбүрөөк пайдалануусу сунушталат.

М: Карамолдо Орозовдун чыгармачылыгы тууралуу лекцияда комузчунун өмүрү жана чыгармачылык жолу боюнча маалыматты окуу менен Карамолдонун күүлөрүнөн комузда чертип берүүсү жана диапроектор аркылуу экранда К. Орозовдун чыгармачылыгынан топтолгон архивдик видео материалдарды дагы сөзсүз пайдалануусу талап кылынат. Мындай ыкма угуучуларга Карамолдо комузчу тууралуу угуу жана көрүү сезимдери аркылуу маалымат алуу менен анын эс тутумунда сакталуусуна жакшы өбөлгө түзүлөт.

Аталган программа боюнча И. Арабаев атындагы КМУнун КМББФда эксперимент катары өткөрүлгөн сабактар студенттердин комуз тууралуу маалыматка өтө муктаж экендигин көрсөттү. Жүрөгүндө кыргыз каны ойногон жаштардын комузга болгон кызыгуусуна жооп катары коомчулук тарабынан жеткиликтүү шарт түзүп бере албай жаткандыгыбыздан улам, алар күнү-түнү маалымат каражаттары, интернет булактары аркылуу сабалап келип жаткан кытай товарынан айрымасы жок, батыш музыкасынын тепсендисинде калып жаткандыгын дагы бир жолу белгилей кетмекчибиз.

**"Комуз таануу"** курсун ишке ашыруу менен кыргыз билим берүү жаатында жаш муундарга улуттук маданияттын уңгулуу тармактарынын бири болгон комуз дүйнөсүнүн эшигин ачып, ата-бабалары аздектеп олтуруп, муундан-муунга, жүрөктөн жүрөккө оозеки түрүндө жеткирген комуз күүлөрүнүн нарк-насилин туюп, алар аркылуу эстетикалык табитин тарбиялоого кеңири жол ачылар эле. Бул багытта буга чейин атайын музыкалык окуу жайларында Кыргыз музыка тарыхы сабагында азыноолак маалымат берилгени болбосо жалпы жаштар үчүн бул тармак, эшиги бекем казынадай кайдыгерликтин кайтаруусунда калып келген.

Акырында айтарыбыз, комуз дүйнөсүнө жол тартуу менен алдыда далай маселелер, далай табылгалар күтүп тургандыгын билебиз жана жолуккан тоскоолдуктарды жалпы коомчулук, кыргыз өнөр адамдары, чыгармачыл интеллегенция биргелешип чечсе болоруна терең ишенебиз. Ошону менен бирге эгемен элибиздин эртенки келечеги болгон жаш муундарды тарбиялоого бүгүн жапырт киришпесек, эртең кеч болуп калары ар бирибизди терең ойлонтуп, биз көтөргөн маселе колдоого алынарына үмүттөнөбүз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек: "Сорос Кыргызстан"фонду, 1996.
2. Бернштам А. Н. Кыргыз элинин келип чыгуусу Советтик этнография, № 2, 1955.
3. Виноградов В.С. Кыргыз элдик музыкасы. – Фрунзе 1958.
4. Дүйшалиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы: окуу китеби Бишкек, "Шам" 2007.
5. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы – Бишкек "Учкун"1993.
6. Үмөталиева – Баялиева Ч.Т. Кыргыздардын этногенези музыка таануу өңүтүндө, Бишкек, 2008.
7. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү,Бишкек,2009.
8. Салттык музыка: тарыхы, сактоо жана өркүндөтүү маселелери эл аралык илимий семинардын жыйнагы, Бишкек, 2004.
9. Комуз таануу программасы.



КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ